**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

***Тема:*** ***Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун***

***90 жылдыгына карата “Айтматов жана тил” аттуу кечесине арналган иш чаранын сценарийи.***

## Мугалим: Кайыкеева Кенжегүл Сатылгановна

## 2018-2019-окуу жылы

**Иш чаранын максаты:**

**1.Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун басып өткөн жолун,чыгармаларын окуучуларга жеткирүү.**

**2.Өз алдынча изденүү менен алардын дүйнө таануусун,көркөм**

**ойлоо,сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу,сөз байлыктарын өстүрүү.Чыгарманы ролдоштуруп аткаруу,балдардын таланттуулугун өстүрүү.**

**3.Адамдык бийик сапаттарды айырмалоого,Ата-Журттун жана элдин патриоту болууга,эң негизгиси Адам деген атка татыктуу болууга тарбиялоо.**

**4.Улуу жана таланттуу адамдардын үлгүсүн алган адилеттүү,ыймандуу инсандардан болууга үндөө.**

# Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата “Айтматов жана тил” аттуу кечесине арналган иш чаранын сценарийи.

***Роль аткаргандар:***

***Найман-Эне*** *– Шайырбек кызы А.*

***Маңкурт*** *– Мурзабеков Н.*

***1-Жуңжаң*** *– Турсунбаев Р.*

***2-Жуңжаң*** *– Кадыркулов М.*

# I КӨРҮНҮШ

**Сахнада күүгүм.** Чөл. Төө кайтарган маңкурт жигит көрүүчүлөргө артын салып кыймылсыз турат. Найман – Эне келет да, ал жигитти көрүп эси оогансып туруп калат.

**Найман-Эне** (Өтө кубанып, жылынып, тигил жигиттин алдына чөгөлөй олтура калып.) Уулум, кагылайын каралдым! Сени издебеген жерим калбады го... Мен ... мен сенин энеңмин! Энеңмин!.. (Маңкурт сезбейт, мурдагы калыбынан козголбойт. Эне эч нерсени түшүнбөй дел болупбир аз туруп калат, анан түшүнөт. Жер тепкилеп чыңырып ыйлайт. Кайдыгер турган уулунун мүрүсүн мыкчып, ичиндеги көптөн берки бугу сыртка тээп чыгып, баласына жөлөнүп ыйлап кирет. Бери бурулуп карар бекен, таанып бекен деген үмүттө уулуна тигилет, андан перзенттик көз жашты издейт. Эне келдиби, ким келди баланын иши жок. Бир убакта эненин колун ийнинен шыпырып салды. Найман –Энен бүрүшүп отуруп калды. Эки колдоп бетин басып, солуктап ыйлап көпкө олтурду. Акыры үмүт менен оор үшкүрүп сүлөп кирди. Отурчу, сүйлөшөлү, (экөө бет маңдай олтурушту) мени тааныйсыңбы? (маңкурт акырын башын чайкады) Сенин атың ким?

**МАҢКУРТ.** Маңкурт.

**НАЙМАН –ЭНЕ .** (Улутунуп) Сени азыр ошентип айтышат... Мурдагы атың эсиңдеби?.. Чын атыңды эстечи? .. (Маңкурт акырын башын чайкайт). Атаңдын атын билесиңби? Өзүң кимсиң, эл-журтуң ким? Деги каерде тулганыңды билесиңби? (Маңкурт эчтеме түшүнбөдү. Эне кайра сыздап ыйлады). Сени эмне кылышкан, шордуу балам?! (ый аралаш ачуу үн менен) Бул жуңжаңдарың жерди алса болбойбу, мал-мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу. Бирок адамдын эс-учун алат деген шумдукту ким ойлоп чыгарды, буга кимдин колу барды? О, жараткан, эгер сен бар болсоң, адамдын арам ниетине ушуну кантип киргиздиң? Мындан башка жер жүзүндөкыянатчылык аздык кылдыбы? (УУлун карап кошогун кошот).

Ой, кулунум, кычкачтап жаңгак чаккансып, эсиңди уурдап жатканда,

Ой, кулунум, башыңа ширин кийгизип, мээңди чагып атканда.

Ой, кулунум, чемгерлеп мыкчып мээңди, чанактан көзүң чыкканда,

Ой, кулунум, төрөгөн белең шуга деп, каргадың бекен апаңды?

Сенен атың – Жоломан. Уктуңбү? Сен _ Жоламансың. Атаңдын аты _ Дөнөнбай. Атаң дагы эсиңде жокпу? Эстечи?.. Эстей аласыңбы? Атаң сени бала күндөн жаа аттырып үйрөтпөдү беле? Мен сенин энеңмин. Сен менен уулумсуң. Ата – тек урууң Найман болот, билдиңби? Сен Найман... (Эне жан күйдүрүп айтат, маңкурт жалдырама тийгенсип унчукпайт). Сен биякка келгенден мурун эмне болду эле?

**МАҢКУРТ** (орой). Эчтеме болгон эмес!

**НАЙМАН –ЭНЕ** Түн беле же күн беле?

**МАҢКУРТ** (орой). Эчтеме болгон эмес!

**НАЙМАН –ЭНЕ** Ким менен сүйлөшкүн келет?

**МАҢКУРТ** Ай менен. Бирок бири – бирибизди укпайбыз. Аерде бирөө отурат.

**НАЙМАН –ЭНЕ** (Үмүттүү) Дагы эмнени каалайсың?

**МАҢКУРТ** (Колун башы жакка жаңсап.) Кожоюнумдун төбөсүндөгүдөй айдар чачты.

**НАЙМАН –ЭНЕ** (жакындап) Кана, апкелчи көрөйүн, сенин башыңды эмне кылышкан? (маңкурт башын кейкең тартып, кетенчиктей берди да, тебетейин кармады, тултуюп экинчи энени карабай койду. Экөө тең унчукпай калды, Эне алыстан карады, бирөө келаткансыды. (Маңкуртка карап ) Тиги ким?

**МАҢКУРТ** Мага тамак – аш апкелаткан го?

**НАЙМАН –ЭНЕ** (алдастай түшүп, жөнөп баратып) Тигиге эчтеме айтпагын. Мен кайра келем...

## II КӨРҮНҮШ

**НАЙМАН –ЭНЕ** Жоломан! Жоломан! Амансыңбы (УУлу бурулуп карады, энеси кубанганынан бакырып жиберди, бирок тиги жөн гана үн чыккан үчүн кылчайганын түшүндү, жалынып жалбарып). Атың ким эле, эстечи? Эстеп көрчү, каралдым. Атаңдын аты – Дөнөнбай, ошону билбейсиңби? Сенин атың маңкурт эмес, Жоломан. (Эстеп, кыялданып.) Наймандардын жайлоосуна көчүп бараткан көчтө туулгансың сен, ошол үчүн атыңы Жолман деп коюшкан. Сен туулганда биз үчүн үч күн конуп, үч күн той бергенбиз... Кана , эсте атыңды, сенин атың ким эле? (УУлу унчукпайт, төөлөрдү карайт).

Атың – Жоломан. Атаңдын аты – Дөнөнбай. (Күл азыгын ачып уулуна берет, уулу чоң-чоң сугунуп кирет, Найман-Эне бешик ырын ырдап кирет).

Адей, алдей, ак бөпөм

Ак бешикке жат, бөпөм,

Жоону жеңип атакең,

Келер бекен бат бөпөм,

Алдей, алдей, алдей ай..

Апракеңди кыйнабай

Уктай койгун кулунум,

Душманың жок бешикте.

Жыргай койгун кулунум,

Алдей, алдей, алдей ай...

(уулу ырды угуп жаткансыйт. Эне ошон үчүн үмүт менен сүйлөп кирет.) Жүр, уулум, бул жерден кетели. Жуңжаңдарды ташта. Туулган жериңе, өскөн жериңе, элиңе алып кетейин, киндик каның тамган жериңе жүр!

**МАҢКУРТ** (Төөлөргө карап). Төөлөрдөн карыш жылбайм. Кожоюнум ошенткен.

**НАЙМАН-ЭНЕ** (Айласы кеткенде акыркы үмүт менен.) Эстечи кимдин уулусуң? Атың ким? Сенин атаң – Дөнөнбай, өзүңдүн атың – Жоломан. (Артынан бирөө келаткан, Найман –Эне аны көрдү да, шашып жөнөп калды, эки жуңжаңызы-чуу түшүп, кыйкырып кууп жетпей калышты, келип Маңкуртту сабап киришти).

**1-ЖУҢЖАҢ** Айт! Ким ал? Эмнеге келди? Кайдан келди?

**МАҢКУРТ** Сенин энең менмин дейт.

**1-ЖУҢЖАҢ** Анын эмнеге келгенин билбейсиңби? Тебетейиңди сыйрып алып, башыңды кайнак суугa малганы келген! (Маңкурт кара өңү бозоро түшөт. Тебетейин кош колдоп кармап, башын эки ийнине катты.)

**2-ЖУҢЖАҢ** (Маңкуртка карап.) Коркпогун! Ме карма! (Жуңжаң маңкуртка жаа менен жебе карматты.)

**1-ЖУҢЖАҢ** (Калпагын ыргытып) Кана ат! (Маңкурт атат, калпакты жебе тешип өтөт.)

**2-ЖУҢЖАҢ** (Мыскылдап какшык менен). Карасаң, колунда акыл-эс калыптыр.

## III КӨРҮНҮШ

Ошол эле чөл. Алдыңкы планда өңү кубарган, эки – үч күндөн бери уйку бетин көрбөгөн ак жоолукчан Найман-эне.

**НАЙМАН-ЭНЕ** (көрүчүлөргө карап) Уулумду алып кетишим керек, душмандар ушинтип кетишсе, уулумда не жазык? Анын айыбы не? Жоломанды, ак сүтүмдү кантип кулчулукка таштап кетем.

Жоломан! Уулум, Жоломан, кайдасың (Жооп жок, издеп кирет). Жоломан! Кайдасың! Сага келдим! Кайдасың, уулум?! (Маңкурт уулу жебе кезеп Найман-Энени атмак болду, эне адегенде байкабады да, байкаган соң уулун карап кыйкырды) Жоломан! Уулум! Мен сенин энеңмин! Атпа! Уулум! (Уулунун аткан жебеси сол колтугуна сайылды).

**ҮН.** Эсиңе кел, сен кимсиң? Атың ким? Сенин атаң – Дөнөнбай! Дөнөнбай! Дөнөнбай!